| | |
|---|---|
| | **И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**<br><br>**КОББ (КОЛЛЕДЖ) (Н.Исанов кампусу)** |
| Колледж | **Сапатты башкаруу системасы** |
| | **ДП-38/02.02-2022** |

И.Раззаков ат. КМТУнун
КОББ (Колледж) Пед. Кеңешинин
отурумунда каралган жана кабыл алынган
28.10.2022-ж. № 2 протокол

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков ат. КМТУнун
КОББ (Колледж) директору
Дербишева Э.Д.
« 28 » 10 2022-ж.

# И. Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледж) бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо тууралуу

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө ушул Жобо (мындан ары - Жобо) И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледж) (мындан ары – Колледж) бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү тартибин жөнгө салуучу локалдык ченемдик акт болуп саналат.

1.2. Жобо КР "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, 2003-жыл 30-апрель № 92 (акыркы. ред. 2022-жыл 25-июль № 69), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жыл 30-июнундагы № 355 "Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жыл 28-март №160 "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл 4-июлундагы № 470, "Билим берүү уюмдарынын студенттеринин өндүрүштүк (кесиптик) практикасы жөнүндө" Жобого, "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын студенттеринин өндүрүштүк (кесиптик) практикасы жөнүндө жобого", 2012-жыл 4-июль, "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобого", 2012-жыл 4-июль, № 470, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жыл 10-майындагы №863/1 буйругу менен "Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө" ж.б. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана И.Раззаков ат. КМТУнун ченемдик актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кесиптик орто билим берүү программасы боюнча окуусун аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы милдеттүү болуп саналат.

1.4. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар билим берүү программалары боюнча колледжде өткөрүлөт жана билим деңгээли жана квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү менен аяктайт.

1.5. Эгерде колледж мамлекеттик аккредитацияга (аттестацияга) ээ болбогон учурда бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жана мамлекеттик үлгүдөгү дипломду алууга адамдардын укугу мамлекеттик кесиптик билим берүү уюмдары аркылуу камсыз кылынат.

1.6. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо ар бир негизги кесиптик билим берүү программасы (ББП) боюнча колледжде уюштурулган мамлекеттик аттестациялык комиссиялар (МАК) тарабынан жүзөгө ашырылат.

1.7. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар өз ишинде ушул Жобону, КОББдун конкреттүү адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде колледж тарабынан иштелип чыгуучу окуу-методикалык документтерди жетекчиликке алат.

**2. Мамлекеттик жыйынтыктоочу сыноолордун түрлөрү**

2.1. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аттестациялык сынактардын төмөнкү түрлөрүнөн турат:

- өзүнчө сабактар боюнча жыйынтыктоочу сынак (ББП окуу планында бар болсо);
- адистик боюнча сабактар аралык жыйынтыктоочу сынак (ББП окуу планында бар болсо);
- бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо (ББП окуу планында бар болсо).

2.2. Айрым сабак (тар) боюнча жыйынтыктоочу сынак студенттин окуу программасында каралган материалды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого жана бул сабактардын колледж тарабынан белгиленген бардык минималдуу мазмунун камтууга тийиш.

2.3. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер конкреттүү маселелерди чечүүдө студенттин адистиги боюнча билимин системалаштырууга жана бекемдөөгө, ошондой эле бүтүрүүчүнүн өз алдынча иштөөгө даярдыгынын деңгээлин аныктоого багытталган. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер дипломдук иш же дипломдук долбоор түрүндө жүргүзүлөт. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин тематикасын Колледж аныктайт, директор бекитет. Студентке бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо укугу берилет, анын тематикасын аны иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугун негиздөө менен сунуштоого чейин. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоодо ар бир студентке жетекчи жана консультанттар дайындалат.

2.4. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун курамына кирген аттестациялык сынактардын убактысынын көлөмү жана түрү (түрлөрү) кесиптик орто билим берүүнүн адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизилген аттестациялык сынактар студенттин жетишүүсүн утурумдук контролдоонун жана орто аралык аттестациялоонун негизинде даярдык деңгээлин баалоо менен алмаштырылышы мүмкүн эмес.

2.5. Адистиктер боюнча жыйынтыктоочу экзамендердин айрым сабактары боюнча жыйынтыктоочу экзамендердин программалары, бүтүрүүчү квалификациялык иштерге талаптар, ошондой эле аттестациялык сынактарда билимди баалоо критерийлери колледждин Педагогикалык кеңешинин жыйынында талкуулангандан кийин колледждин директору тарабынан бекитилет.

**3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары**

3.1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар өз ишинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, КОББ МББС, ушул Жобону, Колледж тарабынан иштелип чыккан окуу-методикалык документтерди жана Методикалык кеңештин сунуштарын жетекчиликке алат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- бүтүрүүчүнү даярдоонун КОББ МББСнын талаптарына шайкештигин аныктоо, ББП окутуунун натыйжаларына жетишүү;

- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын натыйжалары боюнча кесиптик квалификация ыйгаруу жана КОББ жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тиешелүү документти бүтүрүүчүгө берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

- мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишинин натыйжаларынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

3.2. Ар бир адистик боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасынын талапкерлиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат жана бекитилет. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары бир календардык жылдын ичинде иштейт.

3.3. Мамлекеттик аттестациялык комиссияны төрага жетектейт, ал комиссиянын ишин уюштурат жана контролдойт, бүтүрүүчүлөргө коюлуучу талаптардын бирдейлигин камсыз кылат. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы ушул жогорку окуу жайда иштебеген, илимдин докторлорунун, тиешелүү профилдеги профессорлордун ичинен, ал эми алар жок болгон учурда илимдин кандидаттары же ушул профилдеги кадрларды керектөөчү болуп саналган ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин ири адистеринен турган адам болууга тийиш.

3.4. Мамлекеттик аттестациялык комиссия колледждин окутуучуларынан жана башка мекемелерден чакырылган адамдардан: башка билим берүү уюмдарынын окутуучуларынан жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоо профили боюнча ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин адистеринен түзүлөт. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн курамын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги И.Раззаков ат. КМТУнун ректорунун (проректорунун) билдирүүсүнүн негизинде колледждин директору сунуш кылган талапкерлердин тизмеси менен кошо бекитилет.

### 4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби

4.1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирген аттестациялык сынактарды өткөрүүнүн шарттары колледж тарабынан аныкталат жана жыйынтыктоочу аттестация башталганга чейин алты айдан кечиктирилбестен студенттерге маалымдалат. Студенттер экзамендердин программалары менен камсыз болушат, аларга даярдык көрүү, анын ичинде консультацияларды өткөрүү үчүн зарыл шарттар түзүлөт.

4.2. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнь № 354 токтому менен бекитилген билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартибине ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүгө жол берилет.

4.3. Адистик боюнча жыйынтыктоочу сабактар аралык экзаменге жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого негизги кесиптик билим берүү программаларынын бири боюнча окутуунун толук курсун аяктаган жана окуу планында каралган бардык мурдагы аттестациялык сынактардан ийгиликтүү өткөн адамдарга жол берилет. Айрым сабак (тар) боюнча жыйынтыктоочу сынак кесиптик билим берүү программасы боюнча толук окуу курсу аяктаганга чейин өткөрүлүшү мүмкүн.

4.4. Жыйынтыктоочу экзамендерди тапшыруу жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоо аттестациялык комиссиянын курамынын үчтөн экисинен кем эмесинин катышуусу менен ачык жыйындарда өткөрүлөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сынактардын жыйынтыктары "эң жакшы", "жакшы", "канааттандыраарлык", "канааттандыраарлык эмес" деген баалар менен аныкталат жана мамлекеттик

аттестациялык комиссиялардын жыйындарынын протоколдору белгиленген тартипте таризделгенден кийин ошол эле күнү жарыяланат.

4.5. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын чечимдери жабык жыйындарда комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

4.6. Колледждин бүтүрүүчүсүнө тиешелүү квалификация ыйгаруу жана ага кесиптик орто билими жөнүндө документ берүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сынактардын бардык белгиленген түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн шартта ишке ашырылат.

Окуу планынын сабактарынын 75 % кем эмесинен "эң жакшы" деген баа алган, калган сабактардан "жакшы" баа алган жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан эң жакшы баа менен гана өткөн студентке артыкчылык диплому берилет.

Белгиленген окуу мөөнөтүнүн ичинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген аттестациялык сынактардан өтпөгөн студент колледжден чыгарылат жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги белгилеген үлгүдөгү академиялык маалымкат алат.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтпөгөн бүтүрүүчүлөр мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин бир жылдан эрте эмес убакытта кайрадан тапшырууга киргизилет.

4.7. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши жөнүндө ар жылдык отчет колледждин Педагогикалык кеңешинде талкууланат жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аяктагандан кийин эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берилет.